## Дүйнөдөгү дан азыктар рыногуна болгон байкоо

### Азык-түлүк рыногу

Азык-түлүккө 2012-жылдын декабрынан 2013-жылдын январь айынын башына карата дүйнөлүк баа динамикасынын негизги мүнөздөмөсү катары, дан эгиндерине баанын төмөндөшү болду, бул өзгөчө, кургактык терс таасир этиши ыктымалдыгынан жана АКШ, Европа, ошондой эле дан эгиндерин өндүрүүчү дүйнөнүн башка региондорунда төмөн түшүмдүүлүк орун алышы мүмкүн эместиги менен шартталган. Фундаменталдуу факторлор менен кошо дан эгиндерине бааны төмөндөтүүгө дүйнөлүк рыноктун алып сатарлык түзүүчүсү да таасирин тийгизүүдө. Алсак, бааны жогорулатуучу фундаменталдуу түрткүлөрдүн басаңдашы, инвесторлорду арзандап бара жаткан азык-түлүк активдерин “четке кагуу” менен аны рынокто сунушун жогорулатууга мажбурлайт.

Бирок, дүйнөлүк азык-түлүк рыногундагы жагдай татаал бойдон калууда, негизги товардык позициялар боюнча запастын төмөн көлөмү дүйнөлүк баалардын динамикасынын кескин өзгөрүүсүн шартташы мүмкүн. Алсак, 2013-жылы дан эгиндеринин күздүк түшүм жыйноо жагында төмөн божомолдоолор жана күтүүлөр, 2013-жылдын февраль-март айларында эле баанын кыйла өсүшүнө алып келиши мүмкүн.

**1-сүрөт.** 2012 жылдын азык-түлүк товарларына болгон баанын динамикасы *(тоннасына АКШ доллары менен)*




2012-жылдын декабрь айында ФАО азык-түлүк баа Индексинин орточо мааниси, ноябрь айындагы көрсөткүчө салыштырганда 2 пунктка (1,1 пайызга) азайып, 209 пунктту түзгөн – бул 2012-жылдын июль айынан берки эң төмөн деңгээл, анда Индекс 200 пункт деңгээлинде катталган эле. Декабрь айындагы Индекстин төмөндөөсү, негизги дан эгиндерине, ошондой эле өсүмдүк майларына/тоң майларга дүйнөлүк баанын кыскарышы менен шартталган. Бүтүндөй алганда, 2012-жыл ичинде Индекстин орточо мааниси 212 пунктту түзгөн, бул 2011-жылдагы көрсөткүчтөн 7,0 пайызга төмөн, мында негизинен, кантка (17,1 пайыз), сүт азыктарына (14,5 пайыз) жана өсүмдүк майларына (10,7 пайыз) баа индекси төмөндөгөн. Ал эми ушул эле мезгил ичинде дан эгиндерине (2,4 пайыз) жана этке (1,1 пайыз) баа азыраак төмөндөгөндүгү катталган.

**Дандар**

АКШда жүгөрүгө баа 2012-жылдын декабрь айында кыйла төмөндөгөн, бул дан эгининин мындай түрүнө экспорттук талаптан төмөн болгондугунан улам келип чыккан. АКШнын Айыл-чарба министрлигинин адистери, келечекте жүгөрү айдоо аянты 2011-жылдын рекорддук деңгээлинен жогору болоорун божомолдошууда. АКШда бул дан үчүн 96 млн. акрдан көбүрөөк аянт бөлүнгөн, бул 1937-жылдан бери эң максималдуу болуп саналат. Ушул эле учурда, рынок аналитиктеринин пикири боюнча жүгөрүгө баанын төмөндөшү кыска мөөнөттүү жагдай, анткени бул дан түрүнүн запасы анчалык көп эмес, ал эми аба-ырайы дагы эле кургак. Ошондой эле мында, акыркы бир нече жыл ичинде жүгөрү боюнча түшүмдүүлүк орточо деңгээлден төмөн болгондугун унутпоо зарыл.

Американын бардык класстарындагы буудайга баа 2012-жылдын декабрь айында кескин төмөндөгөн, бул биринчи кезекте, төмөн экспорттук сатуудан жана жүгөрүгө баанын төмөндөшүнөн улам түптөлгөн. 2013-жылга күздүк түшүм үчүн аба-ырайынын начар шарттарына карабастан, катуу кызыл күздүк буудайга баа 30 АКШ долларына же тоннасына 340 АКШ долларга чейин төмөндөгөн.

2012-13-маркетингдик жылга (МЖ) дүйнөлүк өндүрүү жана күрүчтү керектөө көрсөткүчтөрү акыркы ай ичинде өзгөргөн эмес. Запас бир аз кыскарып, соода (дүйнөлүк экспорт/импорт) дагы эле өткөн сезондун рекорддук деңгээлинен төмөн болгон. Дүйнө жүзү боюнча ири күрүч экспортерунан болгондуктан Таиланд акыркы 30 жыл аралыгында күрүчкө дүйнөлүк баа динамикасын аныктап келген. Жагдай 2012-жылы өзгөргөн, мында Индия Таиланддагы жогорку бааны пайдаланып, күрүчтү 4 жыл ичинде экспортоого тыюу салынгандыктан, топтолгон күрүчтүн олуттуу запасын экспорттой баштаган. Индия тез эле дүйнөнүн алдыңкы күрүч экспортеруна айланып, биринчи жолу бул продуктка дүйнөлүк бааны аныктай баштаган. Азиядагы Вьетнам сыяктуу атаандашы Индиянын мисалына таянып иш алып бара баштаган. Баа спрэди кеңейгендиктен, Таиланд күрүч экспорту 2011-жылдан тартып 35 пайызга кыскаруу менен кескин төмөндөгөн. Мына ошондуктан күрүчкө дүйнөлүк баа, 2012-жылдын орто чениндеги дан эгиндерине баа кыйла өскөн мезгил ичинде, туруктуулукту сактап калган.

*Буудайга болгон дүйнөлүк баанын динамикасы Тиркемеде көрсотүлдү, 1-график*

***Орусия***

Дүйнөлүк рынокто баанын төмөндөшүнө карабастан, 2012-жылдын декабрь айында Россияда буудайга жана башка дан эгиндерине баа өскөн. Мындай баа динамикасы орус буудайына жогорку экспорт талабынын негизинде түптөлгөн. Дан эгинине баанын өсүшүн, 2012-жылдын октябрь айында башталган мамлекеттик товардык интервенциялар да токтото алган эмес.

2013-жылдын январь айынын экинчи жумасы ичинде 3-класстагы буудайга баа, Россиянын европа бөлүгүндө 7,5 АКШ долларына же тоннасына 368,4 АКШ долларына чейин, ушул эле мезгил ичиндеги 4-класстагы буудай 6 АКШ долларына же тоннасына 360,3 долларына чейин жогорулаган.

Рыноктун көз карандысыз аналитиктеринин пикири боюнча, буудайдын баасынын өсүшүнүн же тартыштык орун алышы ыктымалдыгынын негизинде, Россия 2012-13-МЖ ичинде эле Казакстан буудайынын жигердүү импортеру болушу мүмкүн. Анткени Казакстанда буудайга баа Россиядагыга караганда кыйла төмөн: Казакстан боюнча буудайга жана арпага баа эң төмөн болгон Түндүк-Казакстан областында 3-

класстагы азык-түлүк буудай наркы тоннасына 278,8-290,8 доллары деңгээлинде белгиленген.

Бирок расмий булактар ички дан эгиндери рыногунда жагдайды контролдукка алгандыгын билдирүүшүдө. Мында, 2013-жылдын февраль-март айларында экпорттук потенциалдын жогорку чегине жетүү менен Россия Федерациясынын Айыл-чарба министрлиги буудай рыногунун ири интервенциялар баскычына өтүүнү пландаштырып жаткандыгы тууралуу 2012-жылдын ноябрь айындагы "XXI кылымдагы дан индустриясы" конференциясынын жүрүшүндө Россия Федерациясынын Айыл-чарба министри маалымдаган эле.

***Казахстан***

Казакстандын буудай рыногу буудайга суроо-талаптын жана баанын өсүшүн күтүүдө. Бүгүнкү күндө белгиленген баа – тоннасына 43-45 миң тенге же 290 АКШ долларына жакын, буудай ээлерин анчалык кызыктырган жок жана запастын олуттуу бөлүгү ыңгайлуураак баа жагдайын күтүүдө. Казакстан Республикасынын агенттигинин маалыматтарына ылайык, статистика боюнча Казакстандын дан балансы 2013-жылдын 1-январына карата 13,6 млн. тоннаны түзгөн, алардын ичинен 12,1 млн. тонна – буудай.

Рынок аналитиктеринин пикири боюнча, ээлик кылуучулардын негизги бөлүгү 2013-жылдын март айында баа 50 миң тенгеге чейин өсүшүнө ниеттенүүдө жана баанын өсүшүнүн негизги стимулу болуп, Россия тараптан буудайга суроо-талаптын болушу. Бирок Россия Федерациясынын Айыл-чарба министрлигинин ири дан интервенцияларынын ички рынок фазасына өтүшү жагында планы жүзөгө ашырылган болсо, Россия тараптан олуттуу суроо-талап да болбошу зарыл. Казакстан буудайын сатуу рыногунда да төмөн суроо-талап орун алып турат.

Мындай жагдай эмнеси үчүн коoптуу? 2013-жылдын февраль айынын акырына жана март айынын башына чейин суроо-талап болбосо, буудай запасынын ээлери 2013-жылдын күздүк түшүмүн сактоо үчүн жайларды бошотуу максатында, аны белгиленген баада сатууга мажбур болушат. Мында, рынокко бир эле учурда сунуштоодон улам, баа кошумча төмөндөйт.

***Кыргызстан***

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик материалдык камдар фондусунун маалыматтары боюнча, 2013-жылдын 18-январына карата абал боюнча Казакстан менен келишимдин алкагында Кыргызстанга пландаштырылган 100 миң тонна буудайдан 20 миң тонна гана берилген, Кыргызстан үчүн буудайдын бир тоннасы үчүн 322,3 долларды түзгөн.

Ошондой эле 2013-жылдын январь айында Россиядан 20 миң тонна буудай алынган, ал кайтарымсыз жардам катары сунушталган эле. Мындан тышкары Россия, Кыргызстанга жеңилдетилген шарттарда, коммерциялык баа боюнча кошумча 80 миң тонна буудай берүүнү пландаштырууда. Ал эми Кыргызстан тараптан зарыл маалыматтарды, анын ичинде талап кылынган буудайдын мүнөздөмөлөрү, мөөнөттөрү жага географиясы жөнүндө талап кылышууда. Ушундан улам, Россия жөнөтүлүүчү резервди жана акыркы бааны аныктайт. Сүйлөшүү процесси аяктагандан кийин Россия Федерациясынын Айыл чарба министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги ортосунда макулдашууга кол коюлат. Ошондой эле бүтүндөй 80 миң тоннага туруктуу баа белгилүү мүмкүнчүлүгү келип чыгууда, бул келечекте продуктту дүйнөлүк рыноктордогу баа коньюнктурасынан көз карандысыз бөлүп-бөлүп сатып алуу мүмкүнчүлүгү. Мындан тышкары буудай, Россия Федерациясынын мурдагы жылдар ичинде топтолгон запастан, инвентаризациялык фондусунан сунушталат. Ал эми бул

фонддогу буудай баасы туруктуу жана рыноктук баага салыштырмалуу төмөнүрөөк.

2013-жылдын 16-январына карата абал боюнча Луговая станциясынан DAP шарттарында 3-класстагы буудай наркы (Казахстан-Кыргызстан) 2012-жылдын октябрь айындагы деңгээлде сакталып, тоннасына 343-359 долларын түзгөн.

**Таблица.** Луговая ст-дагы (Казахстан-Кыргызстан) буудайдын баасынын динамикасы

*(тоннасына АКШ доллары менен)*

| клейковина | 16.08.2012 | 17.09.2012 | 27.10.2012 | 30.11.2012 | 16.01.2013 |
|---|---|---|---|---|---|
| 23-24 % | 269,0 | 338,0 | 340,0 | 349,0 | 343,0 |
| 27-30 % | 281,0 | 355,0 | 355,0 | 357,0 | 359,0 |

**Күн карама майы**

Рынок аналитиктеринин пикири боюнча 2012-13-МЖ экинчи жарымы ЕС өлкөлөрүндө күн карама майына баанын өсүшү менен мүнөздөлөт. Көбүнчө, мындай тенденция 2013-жылдын май айынан август айына чейинки аралыктар так байкалат. Эксперттер божомолдогондой, европа күн карама майына баанын өсүшү, Европада учурдагы сезон ичинде күн караманы иштетүү көлөмүнүн 2011-12-МЖдагы 6,78 млн. тоннага карама-каршы 6,24 млн. тоннага чейин кыскарышынан улам келип чыгат.

Күн караманы иштетүү көлөмүнүн төмөндөөсү, аны Евросоюзда өндүрүүнүн 6,79 млн. тоннага чейин, жылына 1,5 млн. тоннага кыскарышынан улам түптөлөт, бул акыркы беш жыл ичиндеги эң төмөн көрсөткүч болуп саналат.

Украинада 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча 3,6 млн. тонна тазаланбаган күн карама майы өндүрүлгөн, бул 2011-жылдагыга караганда 16,6 пайызга көп. «Укролияпром» тармактык ассоциациясынын божомолдоолору боюнча Украинада 2012-13-МЖ ичинде күн карама майын өндүрүү көлөмү өткөн маркетингдик жылдагы күн карама түшүмүнүн азайышына байланыштуу 3,8 млн. тоннадан 3,6 млн. тоннага чейин кыскарышы мүмкүндүгүн «УНИАН» МА билдирген. Мында, күн карама майын экспорттоо 2011-12-МЖ ичинде 3,2 млн. тонна деңгээлинде күтүлүүдө.

*Күн карамага болгон дүйнөлүк баалардын динамикасы Тиркемеде берилген, 3-чү график.*

**Кант**

2012-жылы кантка баа 18 пайызга төмөндөгөн, учурда төмөндөө улануда. Эксперттердин божомолдоолоруна ылайык 2012-13-МЖ кантты берүүлөр суроо-талаптан 6,2 млн тоннага артат. Мурда бул көрсөткүч 5,9 млн. тонна деңгээлинде күтүлгөн эле. 2011-12-МЖ ичинде бул продукттун ашыктыгы 7 млн. тоннага чейин жеткен эле. 2012-13-МЖ ичинде кантты дүйнөлүк өндүрүү 177,6 млн. тонна деңгээлине жетиши мүмкүн. Эң ири өндүрүүчү болуп саналган Бразилияда түшүмдүн жакшы болушу күтүлүүдө. Дүйнөлүк керектөө өтүп жаткан МЖ ичинде 171,4 млн. тоннаны түзүп, өткөн сезондогу көрсөткүчтөн 168,1 млн. тоннага жогору түптөлөт.

*Кант жана кант чийки заттарына болгон дүйнөлүк баалардын динамикасы Тиркемеде берилген, 4-чү график.*

**Таблица 1.** Азык-түлүк рыногу (2011/2012 маркетинг жылындагы өндүрүштү, керектөөнү, өтүүчү запастарды жана азык-түлүк товарларынын бааларын баалоонун айлык динамикасы)

| | *Өндүрүштү баалоо, млн. тонн* | *Өзгөрүү, % менен* | *Керектөөнү баалоо, млн. тонн* | *Өзгөрүү, % менен* | *Запастарды баалоо, млн. тонн* | *Өзгөрүү, % менен* | *Фьючерс бир тоннасы АКШ долл.* | *Өзгөрүү, % менен* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Дандар (дүйнө)** | 1 762,0 | 0,0 | 1 806,0 | 0,0 | 324,0 | 0,0 | 331,4 | 0,1 |
| **Буудай** | 654,3 | -0,1 | 673,4 | -0,1 | 176,6 | -0,2 | 351,9 | 0,2 |
| ***Кыргызстан*** | 0,7 | 0,0 | 1,3 | 0,0 | - | - | 359,0 | 0,6 |
| ***АКШ*** | 61,8 | 0,0 | 37,4 | 2,8 | 19,5 | -4,9 | 287,2 | -3,8 |
| ***Австралия*** | 22,0 | 0,0 | - | - | 6,3 | 8,7 | - | - |
| ***ЕС-27*** | 131,7 | 0,0 | 122,0 | 0,0 | 10,0 | 0,0 | 332,0 | -4,3 |
| ***Кытай*** | 120,6 | 0,0 | 123,0 | 0,0 | 55,5 | 0,0 | 401,0 | 2,9 |
| ***Россия*** | 37,7 | -0,8 | 34,0 | -1,4 | 5,6 | -4,9 | 373,0 | 4,2 |
| ***Казахстан*** | 10,5 | 0,0 | 7,0 | 0,0 | 13,7 | -9,5 | 359,0 | 0,6 |
| **Жүгөрү** | 852,3 | 0,4 | 868,1 | 0,6 | 116,0 | -1,4 | 299,6 | 0,0 |
| **Күрүч** | 465,6 | 0,0 | 468,6 | 0,0 | 102,5 | -0,1 | 342,9 | 0,0 |
| **Күн карама майы** | 13,6 | -0,2 | 13,4 | -0,6 | 2,1 | 1,5 | 1 324,7 | 6,5 |
| **Кант**[1] | 172,3 | 0,0 | 162,8 | 0,0 | 38,3 | 0,0 | 406,1 | -4,3 |

[1] АКШ айыл-чарба министрлигинин ноябрдагы баалоосу

**График 1. Буудайга болгон дүйнөлүк баалардын динамикасы, 01.05.12-20.01.13** *(бир тоннасы АКШ долл.)*




**График 2. Жүгөрүгө болгон дүйнөлүк баалардын динамикасы , 01.05.12-20.01.13** *(бир тоннасы АКШ долл.)*




**График 3. Күн карама майынын дүйнөлүк баасынын динамик., 01.05.12-20.01.13** *(бир тоннасы АКШ долл.)*




**График 4. Кумшекер жана кумшекер сырьесунун дүйнөлүк баасынын динамикасы, 01.05.12-20.01.13** *(бир тоннасы АКШ долл.)*

